www.manas.edu.kg

# КЫРГЫЗ-ТҮРК "МАНАС" УНИВЕРСИТЕТИ
## Гуманитардык факультет факультети

## Курстун программасы

| Курстун коду | Курстун аты (Кыргызча) | Курстун аты (Түркчө) | Семестр | Апталык саат | Кредит | ЕКТС |
|---|---|---|---|---|---|---|
| ТКТ-392 | Кыргыз тилинин синтаксиси | Kırgızca Cümle Bilgisi | 6 | 2 + 2 | 3 | 4 |

| | |
|---|---|
| Курстун деңгээли | Бакалавр |
| Курстун түрү | Тандоо |
| Курстун мугалими | Док. Дөөлөтбек Эшкенов |
| Курстун тили | Кыргызча |
| Жардамчылар | PhD. Дөөлөтбек Эшкенов |
| Аудитория | ILEF |
| Курстун максаты | Сүйлөмгө карата берилген аныктамалар, алардын негизинде жүргүзүлгөн түрдүү синтаксистик классификациялар тууралуу маалымат берилет. Кыргыз тилинин синтаксистик түзүлүшү, методологиясы жана тема боюнча илимий пикирлер жөнүндө сөз болот. Сүйлөм түрлөрү жана мүчөлөрү жөнүндө «жөнөкөйдөн татаалга» принцибинин негизинде маалымат берилип, берилген маалыматтардын негизинде сүйлөмдөрдү талдоого байланыштуу көнүгүүлөр аткарылат. |

| Колдонулуучу адабияттар | | |
|---|---|---|
| | **Колдонулуучу адабияттар** | **Адабияттын түрү** |
| 1 | Кыргыз тилинин практикалык курсу / Түз.: А. Р. Акунова ж.б. – Бишкек: Турар, 2016. – 228 б. | Китеп |
| 2 | Кыргыз тилинин жазма грамматикасы, азыркы кыргыз адабий тили. - Бишкек: «Аврасия пресс», 2015. – 704 б. | Китеп |
| 3 | Турсунов А. Кыргыз тилинин тыныш белгилери. – Бишкек, 2002. | Китеп |
| 4 | Садыков Т., Токтоналиев К. Азыркы кыргыз тили: фонетика жана фонология. Бишкек: Имак Офсет, 2015. – 360 б. | Китеп |
| 5 | Карасаев Н. Кыргыз тилинин орфографиялык сөздүгү. – Бишкек, 2015. | Китеп |
| 6 | Кыргыз тилинин жазуу эрежелери: Соңку редакциясы / Кырг. Респ. Президентине караштуу Мамл. тил б-ча улут. комис. алдындагы Окуу-маал. Борбору. – Бишкек: «Учкун», 2013. – 32 б. | Китеп |

| Жетишилчү жыйынтыктар | |
|---|---|
| 1 | Сөз айкашы жана сүйлөмдү түрдүү өзгөчөлүктөрү боюнча классификациялай алат. |
| 2 | Синтаксистик талдоону чеберчилик менен жүргүзөт. |
| 3 | Татаал сүйлөмдөрдүн компоненттерин, түрлөрүн, грамматикалык өзгөчөлүктөрүн чечмелей алат. |
| 4 | Структуралык жана семантикалык компоненттерди эске алуу менен, татаал сүйлөмдөргө тыныш белгилерин туура коёт. |

| Курстун планы | |
|---|---|
| **Апта** | **Темасы** |
| 1. Апта | Синтаксис жана анын изилдөө объектиси. Сөз айкашынын синтаксиси. Сөз айкашы жана анын тутуму. Татаал сөздөр жана сөз айкашы маселеси. Синтаксистик ажырагыс сөз айкаштары. Практикалык көнүгүүлөр. |
| 2. Апта | Сөз айкаштарынын классификациясы. Байланышуу жолдоруна карай сөз айкаштары (ыкташуу, таандык, башкаруу, ээрчишүү). Сөздөрдүн санына карай сөз айкаштары (жөнөкөй, татаал). Түгөйлөрдүн алмашуусуна карай сөз айкаштары (эркин, туруктуу). Практикалык көнүгүүлөр. |

| Курстун планы | |
|---|---|
| 3. Апта | Багындыруучу түгөйүнө карай сөз айкаштары (атоочтук, этиштик). Багыныңкы түгөйүнө карай сөз айкаштары (аныктоочтук, толуктоочтук, бышыктоочтук). Предикативдүүлүк өзгөчөлүгүнө карай сөз айкаштары (предикативдүү, предикативдүү эмес). Тизмектин автономдуулугуна карай сөз айкаштары (багыныңкы, тең байланыштагы). Практикалык көнүгүүлөр. |
| 4. Апта | Сүйлөм. Сүйлөм тууралуу жалпы маалымат. Сүйлөм мүчөлөрү. Баш мүчөлөр: ээ (жөнөкөй ээ, тутумдаш ээ), баяндооч (жөнөкөй баяндооч, тутумдаш баяндооч). Ээ менен баяндоочтун ээрчишүүсү. Ээ менен баяндоочтун ортосуна сызыкчанын коюлушу. Практикалык көнүгүүлөр. |
| 5. Апта | Айкындооч мүчөлөр: аныктооч (жөнөкөй, тутумдаш, жандама мүчө), толуктооч (тике, кыйыр), бышыктооч (мезгил, орун, сыпат, себеп, максат, сан-өлчөм). Практикалык көнүгүүлөр. |
| 6. Апта | Атоочтук жана чакчыл түрмөктөр. Обочолонгон түшүндүрмө мүчөлөр. Сүйлөмдүн бир өңчөй мүчөлөрү. Орток мүчө. Практикалык көнүгүүлөр. |
| 7. Апта | Сүйлөм мүчөлөрү менен байланышпаган сөздөр (каратма сөздөр, киринди сөздөр, сырдык сөздөр). Сүйлөм мүчөсү менен байланышпаган сүйлөмдөр (киринди сүйлөм, кыстырынды сүйлөм). Сүйлөмдөгү сөздөрдүн орун тартиби (түз, терс / инверсия). Практикалык көнүгүүлөр. |
| 8. Апта | Ара сынак |
| 9. Апта | Сүйлөмдүн айтылуу максатына карай бөлүнүүсү (жай, суроолуу, буйрук, илептүү). Жөнөкөй сүйлөмдүн классификациясы. Практикалык көнүгүүлөр. |
| 10. Апта | Бир тутумдуу сүйлөмдөр (белгилүү жактуу, белгисиз жактуу, жалпылама жактуу, атама). Кемтик сүйлөм. Эки тутумдуу сүйлөмдөр. Жалаң жана жайылма сүйлөмдөр. Практикалык көнүгүүлөр. |
| 11. Апта | Татаал сүйлөм тууралуу жалпы маалымат. Татаал сүйлөмдүн уюшулуу жолдору. Татаал сүйлөмдүн классификациясы: тең байланыштагы жана багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмдөр тууралуу жалпы маалымат. Практикалык көнүгүүлөр. |
| 12. Апта | Тең байланыштагы татаал сүйлөмдөр: байламталуу, байламтасыз. Тең байланыштагы татаал сүйлөмдөр: мезгилдеш, себептеш, божомол, каршылаш, салыштырма, шартташ, орун, түшүндүрмөлүү. Практикалык көнүгүүлөр. |
| 13. Апта | Багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмдөр: мезгил, шарттуу, себеп, салыштырма, каршы, максат, өлчөм, орун. Аралаш татаал сүйлөм. Практикалык көнүгүүлөр. |
| 14. Апта | Төл жана бөтөн сөз. Тике жана кыйыр сөз. Сүйлөмгө коюлуучу тыныш белгилери. Практикалык көнүгүүлөр. |
| 15. Апта | Сүйлөмдүн семантикасы жана стилистикасына байланыштуу жагдайлар. Жалпы кайталоо. |
| 16. Апта | Финал сынагы. |

| Баалоо | | | |
|---|---|---|---|
| **Баалоо каражаты** | **Саны (даана)** | **Үлүшү (%)** | **Жалпы үлүшү** |
| Арасынак | 1 | 40 | **40** |
| Финал сынагы | 1 | 60 | **60** |